| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ЖАЙЫЛ РАЙОНУ<br><br>КАРА-БАЛТА ШААРЫНЫН<br>МЭРИЯСЫ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОН<br><br>МЭРИЯ<br>ГОРОДА КАРА-БАЛТА |
|---|---|

**БУЮРМА**
**РАСПОРЯЖЕНИЕ**

25.03.2020г. №52-б Кара-Балта ш.

**Кара-Балта шаарында**
**Өзгөчө кырдаал режимин жарыялоо тууралуу**

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму "Таажы вирусу" жугуштуу оорусунун пандемиясын жарыялагандыгына жана Кыргыз Республикасынын аймагында "Таажы вирусу" жугуштуу оорусу аныкталгандыгына байланыштуу, калктын коопсуздугун камсыздоо, Кара-Балта шаарынын аймагында калк арасындагы массалык ооруга жол бербөө боюнча ыкчам чараларды көрүү максатында, Кыргыз Республикасынын "Жарандык коргонуу жөүнүндө" 2018-жылдын 24-майындагы №54 мыйзамынын 3-тарамынын 5-беренесине жана 2018-жылдын 22-ноябрындагы №550 "Кыргыз Республикасында өзгөчө кырдаалдардын жиктелиши жана аларды баалоонун чен өлчөмдөрү" жөнүндөгү токтомуна ылайык, КРӨнүн 22.03.2020-ж №93-буйругун, КРӨнүн Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 22.03.2020-ж №68-б буюрмасын, ЖРМАнын 22.03.2020-ж 84-б буюрмасын аткаруу максатында:

**БУЮРМА КЫЛАМ:**

1. 2020-жылдын 25-мартынан тартып Кара-Балта шаарында "биологиялык-социалдык мүнөздөгү өзгөчө кырдаал режими" киргизилсин.

2. Кара-Балта шаарынын Жарандык коргонуунун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн , күч жана каражаттары өзгөчө кырдаал режиминде иштөөгө өткөрүлсүн.

3. Кара-Балта шаарынын аймагында биологиялык-социалдык мүнөздөгү өзгөчө кырдаал режими киргизилгенде, Ыкчам аракеттердин планы тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Кара-Балта шаарынын "Таажы вирусу" жугуштуу оорусунун алдын алуу боюнча шаардык штабы;

- Таажы вирусу" жугуштуу оорусунун алдын алуу боюнча шаардык ыкчам штабы өзгөчө буйрукка чейин күн-түнү иш алып баруу режимине өтсүн.
-абалды божомолдоо, маалымат чогултуу жана топтоо, кесепеттерди жоюу иш-чараларын уюштуруу боюнча чечим кабыл алуу иштери күчөтүлсүн;

-район аймагында "Таажы вирусу" жугуштуу оорусу тарап жаткандыгына байланыштуу шаар аймагында жаралган абал, ооруга чалдыккан жана жаңы жуктурган учурлар боюнча маалыматар күн сайын ЖРГАга берилип турсун,

5. 500дөн кем эмес бардык шарттары менен медициналык талапт
арга жооп бере турган шаардык бейтапканада обочолонтуп байкоо жүргүзүүгө жаткыруу үчүн орундарды даярдалсын.

6. кабарлоо жана байланыш кызматын аткаруучу райондук жетекчилик курамына өз маалында кабарлоону уюштурсун;

7. Шаардын коммуналдык-техникалык кызматтары:

-кошумча уюштуруулучу жайларды( палаткалардан турган шаарча, жатакана) кийим кече, идиш аяк жуучу жай, жуунучу жай, био ажаатканалар менен камсыздасын.
8. Ушул буюрманын аткарылышына көзөмөлдүк кылуу милдетин өзүмө калтырам.

Таркатылсын: иш кагаздарына, шаардык штабдын мүчөлөрүнө

Шаардын мэри Д.Шабданов

Туура:
башкы адис М. Бейсембаева

Тиркеме № 1

Кара-Балта шаарынын мэриясынын буюрмасына
№ ____ «___» _____ 2020-ж.

Кара-Балта шаар аймагында “биологиялык-социалдык мүнөздөгү өзгөчө кырдаал режими” киргизилгенде Ыкчам аракеттердин

МЕРЧЕМИ

| № | иш-чаралар | аткаруучулар | көзөзмөлдөйт | аткаруу мөөнөтү | эсекертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | “Таажы вирусу” жугуштуу оорусу катталган учурда райондук штабга маалымдоо | | Штаб мүчөлөрү | Ыкчам аралыкта | |
| 2. | “Таажы вирусу” жугуштуу оорусунуна карата штабды түзүү | мэрия | Штаб мүчөлөрү | Ар дайым | |
| 3. | “Таажы вирусу” жугуштуу оорусуна карата штаб курамын түзүү, тапшырма берүү,чечим чыгаруу | Мэрия, штаб | Штаб мүчөлөрү | Мэрия, штаб | 3-мин-дан 1 саатка чейин |
| 4. | Чалдыккандар болсо,оордук даражасын аныктоо үчүн бейтапканага кароого жөнөтүү, чакыруу, орун даярдоо | Штаб, мэрия | “Таажы вирусу” жугуштуу оорусун аныкталганда | ыкчам | |
| 5. | Калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Мэрия, кварт комит, домкомдор, ыктыярчылар | “штаб | туруктуу | |
| 6. | Тиешелүү шарттарды түзүү, ар тараптуу уюштурууну кабыл алуу | Мэрия | “Таажы вирусу” жугуштуу оорусунун“Таажы вирусу” жугуштуу оорусунун | | ӨКучурунда |
| 7. | ӨКучурунда товардын баалуулуктарын, азык-түлүк, | мэрия | мэрия | “ | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | күйүүчү майлардын, акча каражаттардын корун түзүү | | | | |
| 8. | ӨК кырдаал коркунучу жаралганда базарларда, дүкөндөрдө, соода түйүндөрүндө азык-түлүк продукцияларына болгон бааны көзөмөлгө алуу,бекитилген баадан жогорулашына жол бербөө. | Мэрия, штаб мүчөлөрү | Мэрия, штаб мүчөлөрү | | |
| 9. | кошумча уюштуруулучу жайларды( палаткалардан турган шаарча, жатакана) кийим кече, идиш аяк жуучу жай, жуунучу жай, био ажаатканалар менен камсыздоо | Коммуналдык техникалык кызматы, мэрия | штаб | “Таажы вирусу” жугуштуу оорусунун штабы | ӨК учурунда |
| 10. | Калкка массалык маалымат берип туруу | ММК, штаб | | “Таажы вирусу” жугуштуу оорусунун штабы | ӨК учурунда |
| 11. | Жугушсуздандыруу иштерин жүргүзүү | “Универсал”, квар комит, домком, жарандар | Мэрия. штаб | “Таажы вирусу” жугуштуу оорусунун | туруктуу |
| 12. | Коомдук тартиптин сакталышына көзөмөлдүк ишин жүргүзүү | Мэрия, штаб мүчөлөрү | Мэрия, штаб мүчөлөрү | “Таажы вирусу” жугуштуу оорусунун штабы | Ар дайым |

Вице-мэр Э.Орозбаков